**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

24.02.2023 № 187

**Бишкек ш.**
**г.Бишкек**

## О ведомственных наградах Министерства здравоохранения Кыргызской Республики

В целях поощрения лиц, осуществляющих деятельность в системе здравоохранения, также лиц, замещающих государственные гражданские и муниципальные должности, работников других государственных и муниципальных органов и подведомственных им организаций, негосударственных медицинских организаций, а также иных лиц, внесших значительный вклад в развитие здравоохранения, в соответствии с п.п. 23 п.11 Положения о Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики», утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года №249, **приказываю:**

1.Учредить ведомственные награды Министерства здравоохранения Кыргызской Республики:

1.1. Нагрудной знак «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»;

1.2. Почетная грамота Министерства здравоохранения Кыргызской Республики;

1.3. Благодарность Министерства здравоохранения Кыргызской Республики.

2. Утвердить:

2.1. Положения о нагрудном знаке «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери», Почетной грамоте Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (приложение 1);

2.2. Положение о Благодарности Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (приложение 2);

2.3. Описание нагрудного знака «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» и футляра для нагрудного знака (приложение 3);

2.4. Описание и форму удостоверения к нагрудному знаку «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» (приложение 4);

2.5. Форму Почетной грамоты Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (приложение 5);

2.6. Форму наградного листа к награждению ведомственными наградами Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (приложение 6).

3. Руководителям структурных подразделений Министерства здравоохранения Кыргызской Республики, ведающим вопросами финансирования и организации закупок, ежегодно предусматривать расходы на изготовление ведомственных наград Министерства здравоохранения Кыргызской Республики.

4. Считать утратившим силу приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики от 19.04.2022 г. №483 «О ведомственных наградах Министерства здравоохранения Кыргызской Республики».

5. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министр** **Г.М. Баатырова**

Приложение 1
к приказу МЗ КР
от «24» 02 2023 г.
№127

**Положение**
**о нагрудном знаке «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» и Почетной грамоте Министерства здравоохранения Кыргызской Республики**

I. Общие положения
II. Порядок представления к ведомственным наградам
III.Порядок рассмотрения представлений к наградам
IV. Порядок вручения наград Министерства здравоохранения Кыргызской Республики
V. Учёт и хранение наград
VI. Источники финансирования

Настоящее Положение разработано в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и определяет порядок представления работников к награждению ведомственными наградами.

## I.Общие положения

1. Награды Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (далее - Министерство) являются формой поощрения лиц, работающих в системе здравоохранения, а также лиц, замещающих государственные гражданские и муниципальные должности, работников других государственных органов и подведомственных им организаций, негосударственных медицинских организаций, а также иных лиц, внесших значительный вклад в развитие здравоохранения Кыргызской Республики.

2. Наградами Министерства являются нагрудной знак «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери», Почетная грамота Министерства здравоохранения Кыргызской Республики.

Лицам, награжденным нагрудным знаком «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери», выдаются нагрудные значки с футлярами и удостоверения к ним.

3. Названия наград устанавливаются на государственном и официальном языках.

4. Награждение нагрудным знаком «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери», Почетной грамотой Министерства здравоохранения Кыргызской Республики осуществляется согласно приказа министерства на основании решения Комиссии по наградам.

5. Наградами Министерства могут награждаться иностранные граждане, международные организации, имеющие заслуги в области здравоохранения Кыргызской Республики.

**Нагрудной знак «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»**

6. Нагрудным знаком «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» (далее - нагрудной знак) награждаются:

6.1.Медицинские работники и лица, работающие в системе здравоохранения и медицинского образования, имеющие опыт безупречной работы, высокую квалификацию, проявившие высокую ответственность и творческую инициативу в труде, активно участвующие в общественной жизни коллектива, проработавшие в сфере здравоохранения свыше 10 лет, в том числе в организации, представляющий ходатайство, не менее 3 лет, за:

- достижение высоких показателей в работе по оказанию медико-санитарной помощи населению;
- значительный вклад в реформирование системы здравоохранения;
- достигнутые успехи в подготовке (переподготовке) и воспитании кадров для организаций здравоохранения республики;
- активное участие в развитии медицинской науки;
-улучшение материально-технической базы организаций здравоохранения и внедрение передовых технологий;
-активное участие в мероприятиях, проводимых органами и организациями здравоохранения, направленных на развитие здравоохранения;
- рациональное и эффективное использование материальных, трудовых и финансовых ресурсов здравоохранения.

6.2. Лица, работающие в других государственных органах, органах местного самоуправления, а также иностранные граждане, международные организации, меценаты, представители неправительственных организаций, имеющие заслуги в области здравоохранения Кыргызской Республики.

6.3. Нагрудной знак носится на правой стороне груди и располагается ниже государственных наград.

6.4. Лица, награжденные нагрудным знаком, должны обеспечить сохранность награды. Дубликат нагрудного знака, взамен утерянного, не выдается.

6.5. При утере удостоверения к нагрудному знаку дубликат удостоверения может быть выдан решением комиссии по наградам согласно письменного заявления награжденного и по ходатайству руководителя организации, представившего данное лицо к награждению.

6.6. Повторное награждение нагрудным знаком не допускается.

**Почетная грамота**
**Министерства здравоохранения Кыргызской Республики**

6.7. Почетной грамотой Министерства награждаются:

6.8. Лица, проявившие профессионализм и достигшие высоких показателей в труде, принимавшие активное участие в общественной жизни коллектива, проработавшие в системе здравоохранения свыше 5 лет;

6.9. Лица, работающие в других министерствах и ведомствах, органах местного самоуправления, а также иностранные граждане, международные организации, меценаты, представители неправительственных организаций, имеющие заслуги в области здравоохранения Кыргызской Республики.

6.10. Почетной грамотой Министерства награждаются отдельные коллективы по достижению ими высоких показателей в сфере здравоохранения.

6.11. Лица, награжденные Почетной грамотой Министерства, должны обеспечить сохранность награды. Дубликат Почетной грамоты Министерства, взамен утерянной, не выдается.

6.12. Повторное награждение Почетной грамотой Министерства не допускается.

## II. Порядок представления к ведомственным наградам

7. Кандидатуры на представление к ведомственным наградам обсуждаются и выдвигаются на собрании коллектива. Решение о выдвижении оформляется протоколом собрания трудового коллектива с последующим оформлением на него документов.

8. Представления к награждению вносятся:

- на работников центрального аппарата, руководителей подведомственных организаций здравоохранения, республиканских организаций здравоохранения, медицинских образовательных организаций, научных центров, научно-исследовательских институтов, общественного здравоохранения, лечебно-профилактических организаций г.Бишкек, координаторов областей по здравоохранению и г.Ош и других организаций – руководителями, курирующими структурные подразделения Министерства по согласованию с курирующими заместителями министра;

- на сотрудников подведомственных организаций здравоохранения, республиканских, образовательных, научных центров, научно-исследовательских институтов, общественного здравоохранения и других организаций здравоохранения - руководителями этих организаций;

- на руководителей областных, городских, районных и других организаций здравоохранения - областными и городскими координаторами по здравоохранению;

- на сотрудников областных, городских, районных и других организаций здравоохранения - руководителями этих организаций здравоохранения;

- на работников центрального аппарата Фонда обязательного медицинского страхования и территориальных управлений Фонда обязательного медицинского страхования - председателем Фонда

обязательного медицинского страхования при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики;

- на фармацевтических работников - директором Департамента лекарственных средств и медицинских изделий при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики;

- на медицинских работников, занимающихся частной практикой, могут быть представлены к наградам Министерства при содействии государственным органом здравоохранения и органом местного самоуправления в оказании медико-санитарной и профилактической помощи населению республики на общих основаниях.

- на работников организаций здравоохранения других министерств и ведомств, органов местного самоуправления - их руководителями;

- на иностранных граждан – заместителями министра.

9. Наградные материалы из областных, городских, районных организаций здравоохранения принимаются по результатам работы областных, городских и районных комиссий, и далее комиссия направляет документы, указанные в п. 11 настоящего Положения на рассмотрение комиссии Министерства;

10. На каждую кандидатуру, представленную к награде, заполняется наградной лист по форме, утвержденной настоящим приказом, который подписывается уполномоченным лицом и председателем профсоюзного комитета организации. Подписи расшифровываются, заверяются печатью организации и проставляется дата.

11. **К наградному листу** прилагаются:

- представление о награждении на имя министра;
- выписка из протокола собрания трудового коллектива;
- копия трудовой книжки, заверенная отделом кадров;
- копия паспорта.

Представление к наградам вносятся в Министерство за 1,5 месяца до Дня медицинского работника Кыргызской Республики (первое воскресенье июля).

В остальных случаях – за 20 дней до заседания комиссии по наградам Министерства.

12. Представление к награждению на работников, имеющих дисциплинарные взыскания, не производится до их снятия в установленном порядке.

13. Награждение граждан наградами Министерства в связи с их юбилеями не производится.

14. Очередное награждение наградами Министерства производится за новые заслуги не раньше, чем через 5 лет с момента предыдущего награждения.

15. Лица, допустившие необоснованные представления к награждению, несут персональную ответственность в соответствии с законодательством.

16. Поступившие на награждение документы не возвращаются.

## III. Порядок рассмотрения представлений к наградам

17. Министерством создается комиссия по наградам (далее - комиссия). Состав комиссии утверждается приказом министерства.

18. В состав комиссии входят заместители министра, руководители структурных подразделений и другие сотрудники центрального аппарата министерства, представители общественных организаций здравоохранения.

19. Поступившие наградные материалы рассматриваются комиссией в установленном порядке и оформляются протоколом. Решение о награждении принимается на заседании комиссии и оформляется приказом министра, выписки из которого направляются в организации.

Жалобы и заявления на решение комиссии о награждении или отказе в награждении не рассматриваются.

20. На региональном уровне в системе здравоохранения создаются городские и областные комиссии, в состав которых могут входить руководители городских и областных структур здравоохранения, а также представители профсоюзных и общественных организаций .

## IV. Порядок вручения наград Министерства здравоохранения Кыргызской Республики

21. Награды вручаются министром или его заместителями, а также по их поручению руководителями организаций здравоохранения в торжественной обстановке на общих собраниях трудовых коллективов по месту работы награждаемых.

22. В личном листке и трудовой книжке награжденного производится запись о награждении.

## V. Учёт и хранение наград

23. Учёт, хранение наград и документов к ним ведётся структурным подразделением Министерства, ведающим вопросами кадровой работы.

24. Нагрудной знак «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» с футляром и удостоверением к ним, папка «Почетная грамота Министерства Кыргызской Республики» хранятся наравне с документами строгой отчетности. Для учета выдачи наград заполняются журналы, в которых отражаются сведения о награжденных, дата выдачи наград и роспись получателя.

## VI. Источники финансирования

25. Финансирование на изготовление нагрудных знаков «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» с футлярами и удостоверений к ним, папок «Почетная грамота Министерства здравоохранения Кыргызской Республики», рамки для Благодарности осуществляет структурное подразделение Министерства, ведающее вопросами финансирования за счет средств бюджета.

Приложение 2
к приказу МЗ КР
от «24» 02 2023 г.
№ 187

**Положение**
**о Благодарности Министерства здравоохранения**
**Кыргызской республики**

1. Благодарностью Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (далее – Благодарность) поощряются лица, осуществляющие деятельность в сфере здравоохранения за хороший и добросовестный труд, при наличии стажа 3 и более лет.


2. Решение о возбуждении ходатайства о поощрении Благодарностью принимается собранием трудового коллектива органа или организации с последующим оформлением на него краткой характеристики. Краткая характеристика подписывается руководителем органа или организации и заверяется печатью.


3. Документы о поощрении Благодарностью представляются в Министерство руководителями подведомственных организаций здравоохранения республики.

Приложение 3
к приказу МЗ КР
от «24» 02 2023 г.
№ 187

**Описание нагрудного знака**
**«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»**

Нагрудной знак «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» из бронзы с гальваническим покрытием золотистого цвета 24К, имеет цветную заливку белого, красного и синего цвета. Нагрудный знак состоит из двух частей – колодки размером 14*30 мм, в центре которой изображен тюндюк и национальный орнамент, подвески пятиугольной формы размером 40*38 мм, в центре которой имеется накладка с логотипом Министерства. По кругу логотипа помещена надпись: «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери». Колодка соединяется к подвеске с двумя связывающими колечками. На обороте колодки имеется надежное крепление из булавки.






**Описание футляра для нагрудного знака**
**«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»**

Футляр из красного бархата размером 9*12 см





Приложение 4
к приказу МЗ КР
от «24» 02 2023 г.
№ 187

**Описание и форма удостоверения**
**«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»**

Удостоверение к нагрудному знаку «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» представляет собой книжку красного цвета. Формат книжки в развернутом виде имеет размер 190 х 70 мм.

Каркас удостоверения изготавливается из прессованного ДВП, обтянутого виниловой кожей с помощью безводного клея. На обложке в центре удостоверения с помощью теснения золотом изображается логотип Министерства, под ним надпись: «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери».

Первый лист удостоверения оформляется на государственном языке, второй лист – на официальном языке.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**КҮБӨЛҮК №______**

______________________________________________________________

ата теги, аты

______________________________________________________________

«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланды.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин

202__ ж. «____» _____________ №_______буйругу

М.О. Министр

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УДОСТОВЕРЕНИЕ №____**

______________________________________________________________

Ф.И.О.

______________________________________________________________

Награжден (а) нагрудным знаком «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери».

Приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики от «____» _____________202__года №__________

М.П. Министр

Приложение 5
к приказу МЗ КР
от «24» 02 2023 г.
№ 187

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

# АРДАК ГРАМОТА

______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________

**СЫЙЛАНАТ**

**Министр**

**Буйрук №__________________**

**Бишкек шаары «____»__________202__ жыл.**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ

# ПОЧЕТНАЯ ГРАМОТА

НАГРАЖДАЕТСЯ

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________

**Министр**

**Приказ №________________**

**город Бишкек «____» __________202__ года.**

Приложение 6
к приказу МЗ КР
от «24» 02 2023 г.
№ 187

# НАГРАДНОЙ ЛИСТ

1.Фамилия, имя, отчество награждаемого ______________________________
(заполняется согласно записи в паспорте)

________________________________________________________________________

2. Занимаемая должность, место работы, службы ______________________
(указать точное наименование организации)

________________________________________________________________________

3. Год и место рождения ________________________________________________

4. Национальность __________ 5. Пол. ________________

6. Образование _________________________________________________________
(название учебного заведения, год окончания, факультет)

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

7. Научная степень, ученое звание________________________________

8. Общий стаж работы: ________

9. Стаж в органах здравоохранения ________________в том числе:

10. С какого времени работает в данной организации ________________

11. С какого времени работает в данной должности __________________

12. Какими наградами Министерства здравоохранения отмечен (а), дата награждения

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

13. Представляется к награждению ______________________________________
(вид наград)

14. Решение о награждении принято ___________________________________
(наименование ходатайствующего органа)

_____________________________________________________________________

«______»______________202____г. протокол №_____________

15. Домашний адрес, телефон ______________________________________

_________________________________________________________________

Руководитель ______________________ ___________
(Ф.И.О., должность) (подпись)

Председатель профсоюзного комитета________________ ___________
(Ф.И.О.) (подпись)

МП

«_____»___________202___г.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

24.02.2023 № 187

**Бишкек ш.**
**г.Бишкек**

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө

Саламаттык сактоо системасында иштеген жана мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген кызматкерлерди, башка мамлекеттик жана муниципалдык органдардын жана аларга караштуу уюмдардын, мамлекеттик эмес медицина уюмдарынын, ошондой эле саламаттык сактоону өнүктүрүүгө салым кошкон башка жарандарды сыйлоо максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №249 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө" жобонун 11-пунктунун 23-пунктчасына ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин төмөнкү ведомстволук сыйлыктары негизделсин:

1.1. "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" төш белгиси;

1.2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы;

1.3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ыраазычылыгы.

2. Бекитилсин:

2.1. "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы жөнүндө жобо (1-тиркеме);

2.2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ыраазычылыгы жөнүндө жобо (2-тиркеме);

2.3. "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" төш белгисинин жана анын кутучасынын сыпаттамасы (3-тиркеме);

2.4. "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" күбөлүгүнүн сыпаттамасы жана формасы (4-тиркеме);

2.5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасынын формасы (5-тиркеме);

2.6. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук сыйлыктары менен сыйлоо үчүн сыйлоо барагынын формасы (6-тиркеме).

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин каржылоо жана сатып алууларды уюштуруу маселелерин жетектөөчү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери ар жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук сыйлыктарын даярдоого каражаттарды караштырышсын.

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 19.04.2022-ж. №483 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министр** **Г.М. Баатырова**

КР ССМнын
2023-ж. 24 01
№ 127 буйругуна
1-тиркеме

**“Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы жөнүндө жобо**

I. Жалпы жоболор
II. Ведомстволук сыйлыктарга сунуштоо тартиби
III. Сыйлыктарга сунуштоолорду кароо тартиби
IV. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин сыйлыктарын тапшыруу тартиби
V. Сыйлыктарды эсепке алуу жана сактоо
VI. Каржылоо булактары

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты жана кызматкерлерди ведомстволук сыйлыктар менен сыйлоого көрсөтүү тартибин аныктайт.

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (мындан ары - Министрлик) сыйлыктары саламаттык сактоо системасында иштеген, ошондой эле мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматтарды ээлеген кызматкерлерди, башка мамлекеттик органдардын жана аларга караштуу уюмдардын кызматкерлерин, жана Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагынын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкон башка жарандарды сыйлоо формалары болуп эсептелет.

2. Министрликтин сыйлыктары болуп “Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы саналат.

“Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” төш белгиси менен сыйлангандарга төш белгиси анын кутучасы жана күбөлүгү берилет.

3. Сыйлыктардын аталыштары мамлекеттик жана расмий тилде бекитилет.

4. “Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйлоо сыйлыктар боюнча комиссиянын чечиминин негизинде министрликтин буйругуна ылайык ишке ашырылат.

5. Министрликтин сыйлыктары менен Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагына эмгеги сиңген чет элдик жарандар, эл аралык уюмдар сыйлана алышат.

**"Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" төш белгиси**

6. "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" төш белгиси (мындан ары – төш белги) менен төмөнкүлөр сыйланышат:

6.1. Медициналык кызматкерлер жана саламаттык сактоо жана медициналык билим берүү системасында иштеген, кынтыксыз иш тажрыйбалуу, жогорку квалификациялуу, ишинде жогорку жоопкерчиликти жана чыгармачыл демилгени көрсөткөн, эмгек жамааттын коомдук ишине активдүү катышкан, саламаттык сактоо тармагында 10 жылдан кем эмес, анын ичинен сунуштама берип жаткан уюмда 3 жылдан кем эмес иштеген адамдар, төмөнкү иштери үчүн:

- калкка медициналык-санитардык жардам көрсөтүү ишинде жогорку көрсөткүчтөргө жетишкени;
- саламаттык сактоо системасын реформалоого маанилүү салым кошкону;
- республиканын саламаттык сактоо уюмдары үчүн кадрларды даярдоодо (кайра даярдоодо) жана тарбиялоодо жетишкен ийгиликтери;
- медициналык илимди өнүктүрүүгө активдүү катышканы;
- саламаттык сактоо уюмдарынын материалдык-техникалык базасын жакшыртууга жана алдыңкы технологияларды жайылтууга кошкон салымы;
- саламаттык сактоо органдары жана уюмдары тарабынан өткөрүлүүчү саламаттык сактоону өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларга активдүү катышканы;
- саламаттык сактоонун материалдык, эмгек жана каржы ресурстарын рационалдуу жана эффективдүү колдонгону.

6.2. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагына салым кошкон башка мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген кызматкерлер, ошондой эле чет элдик жарандар, эл аралык уюмдар, меценаттар, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү.

6.3. Төш белгиси оң көкүрөккө тагылат жана мамлекеттик сыйлыктардан кийин жайгаштырылат.

6.4. Төш белгиси менен сыйланган адамдар сыйлыгын сактоого тийииш. Төш белгинин дубликаты жоготулгандын ордуна берилбейт.

6.5. Төш белгинин күбөлүгүн жоготуп алган учурда, сыйлык ээсинин кат жүзүндөгү арызына ылайык сыйлыктар боюнча комиссиянын чечими менен жана аны сыйлыкка көрсөткөн уюмдун жетекчисинин сунушу боюнча күбөлүктүн дубликаты берилет.

6.6. Төш белги менен эки жолу сыйлоого болбойт.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы**

6.7. Министрликтин Ардак грамотасы менен төмөнкүлөр сыйланат:

6.8. Ишинде кесипкөйлүгүн көрсөткөн жана жогорку көрсөткүчтөргө жетише алган, эмгек жамааттын коомдук ишине активдүү катышкан, саламаттык сактоо системасында 5 жылдан ашык иштеген кызматкерлер;

6.9. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагына эмгеги сиңген башка министрликтерде жана ведомстволордо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген кызматкерлер, ошондой эле чет элдик жарандар, эл аралык уюмдар, меценаттар, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү.

6.10. Министрликтин Ардак грамотасы менен саламаттык сактоо тармагында жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен айрым эмгек жамааттары сыйланышат.

6.11. Министрликтин Ардак грамотасынын дубликаты жоготулгандын ордуна берилбейт.

6.12. Министрликтин Ардак грамотасы эки жолу берилбейт.

## II. Ведомстволук сыйлыктарга сунуштоо тартиби

7. Ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүлүүчү талапкерлер эмгек жамаатынын чогулушунда талкууланып, сунушталат. Талапкерди сунуштоо жөнүндө чечим эмгек жамаатынын протоколу менен таризделип, андан кийин ага тиешелүү документтер даярдалат.

8. Төмөнкүлөрдү сыйлоого сунуш берилет:

- борбордук аппаратынын кызматкерлерине, түзүмдүк саламаттык сактоо уюмдарынын, республикалык саламаттык сактоо уюмдарынын, медициналык билим берүү уюмдарынын, илимий борборлордун, илимий-изилдөө институттарынын, коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын, Бишкек шаарынын дарылоо-алдын алуу уюмдарынын жетекчилерине, облустардагы жана Ош ш. саламаттык сактоо боюнча координаторлоруна - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министринин багыты боюнча жетектөөчү орун басарларынын макулдугу менен багыты боюнча министрликтин жетектөөчү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери тарабынан;

- түзүмдүк саламаттык сактоо уюмдарынын, республикалык, билим берүү, илимий борборлорунун, илимий-изилдөө институттарынын, коомдук саламаттык сактоо жана башка саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине – ошол уюмдардын жетекчилери тарабынан;

- облустук, шаардык, райондук жана башка саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине – облустук жана шаардык саламаттык сактоо боюнча координаторлор тарабынан;

- облустук, шаардык, райондук жана башка саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине – ошол уюмдардын жетекчилери тарабынан;

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун борбордук аппаратынын жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун аймактык башкармалыктарынын кызматкерлерине – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы тарабынан;

- фармацевтикалык кызматкерлерге – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин директору тарабынан;

- менчик практика менен алектенген медицина кызматкерлерин мамлекеттик саламаттык сактоо органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын республиканын калкына жалпы негизде медициналык-санитардык жана профилактикалык жардам көрсөтүүдөгү көмөгү менен Министрликтин сыйлыктарына сунуштоого болот.

- башка министрликтердин жана ведомстволорунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине – алардын жетекчилери тарабынан;

- чет элдик жарандарга – министрдин орун басарлары тарабынан.

9. Облустук, шаардык, райондук саламаттык сактоо уюмдарынын сыйлоо материалдары облустук, шаардык, райондук комиссиялардын иштеринин жыйынтыгы боюнча кабыл алынат, андан ары комиссия ушул Жобонун 11-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди Министрликтин комиссиясынын кароосуна жөнөтөт;

10. Сыйлыкка көрсөтүлгөн ар бир талапкерге ушул буйрук менен бекитилген формада сыйлоо барагы толтурулат, буга ыйгарым укуктуу адам жана уюмдун профсоюздук комитетинин төрагасы кол коюшат. Кол тамгалары чечмеленип, уюмдун мөөрү жана дата коюлат.

11. **Сыйлоо барагына** тиркелет:

- министрдин атына сыйлоо жөнүндө сунуш;
- эмгек жамаатынын чогулушунун протоколунан көчүрмө;
- кадрлар бөлүмү тарабынан ырасталган эмгек китебинин көчүрмөсү;
- паспорттун көчүрмөсү.

Сыйлыктарга көрсөтүү сунуштары Кыргыз Республикасынын медицина кызматкеринин күнүнө (июль айынын биринчи жекшембиси) 1,5 ай калганга чейин Министрликке берилет.

Калган учурларда – Министрликтин сыйлыктар боюнча комиссиянын отурумуна 20 күн калганга чейин берилет.

12. Дисциплинардык жазасы бар кызматкерлер жазасы белгиленген тартипте алынып салынмайынча сыйлыктарга көрсөтүлбөйт.

13. Министрликтин сыйлыктары жарандардын юбилейлерине байланыштуу берилбейт.

14. Министрликтин кезектеги сыйлыгы жаңы сиңирген эмгектери үчүн мурунку алган сыйлыгынан бери 5 жыл өтмөйүнчө берилбейт.

15. Негизсиз түрдө сыйлоого сунуш берүүгө жол берген жарандар мыйзамдарга ылайык керт башы менен жооп берет.

16. Сыйлоого келип түшкөн сунуш документтер кайра кайтарылбайт.

## III. Сыйлыктарга көрсөтүү сунуштарын караштыруу тартиби

17. Министрлик тарабынан сыйлыктар боюнча комиссия (мындан ары - комиссия) түзүлөт. Комиссиянын курамы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйругу менен бекитилет.

18. Комиссиянын курамына министрдин орун басарлары, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери жана Министрликтин борбордук аппаратынын башка кызматкерлери, коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын өкүлдөрү кирет.

19. Келип түшкөн сыйлоо материалдары комиссия тарабынан белгиленген тартипте каралат жана протокол менен таризделет. Сыйлоо жөнүндө чечим комиссиянын отурумунда кабыл алынат жана министрдин буйругу менен таризделет, анын көчүрмөсү уюмдарга жөнөтүлөт.

Комиссиянын сыйлык берүү же сыйлык берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимине даттануулар жана арыздануулар каралбайт.

20. Регионалдык саламаттык сактоо системасында шаардык жана облустук комиссиялар түзүлөт, алардын курамына шаардык жана облустук саламаттык сактоо түзүмдөрүнүн жетекчилери, ошондой эле профсоюздук жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирсе болот.

## IV. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин сыйлыктарын тапшыруу тартиби

21. Сыйлыктар министр жана анын орун басарлары тарабынан, ошондой эле алардын тапшырмасы боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери тарабынан сыйлануучулардын иштеген жеринде эмгек жамааттарынын жалпы чогулуштарында салтанаттуу жагдайда тапшырылат.

22. Сыйланган адамдын эмгек китепчесине сыйлыгы жөнүндө жазуу түшүрүлөт.

## V. Сыйлыктарды эсепке алуу жана сактоо

23. Сыйлыктарды жана алардын документтерин эсепке алуу жана сактоо ишин Министрликтин кадр иштери маселелерин жетектөөчү түзүмдүк бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

24. “Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери” төш белгиси анын кутучасы жана күбөлүгү, “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы” папкасы катуу көзөмөлдөгү отчеттуулук документтери менен бирге сакталат. Сыйлыктарды берүү ишин эсепке алуу үчүн журналдар толтурулат, аларда сыйланган адамдар жөнүндө маалыматтар, сыйлыкты берген күнү жазылат жана сыйлык алуучунун кол тамгасы коюлат.

## VI. Каржылоо булактары

25. “Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” төш белгилерин алардын кутучаларын жана күбөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы" папкаларын, Ыраазычылык үчүн рамкаларын даярдоого каржылоону Министрликтин каржылоо маселелерин жетектөөчү түзүмдүк бөлүмү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзөт.

КР ССМнын
2023-ж. "24" 02
№ 187 буйругуна
2-тиркеме


**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ыраазычылыгы жөнүндө жобо**


1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ыраазычылыгы (мындан ары - Ыраазычылык) менен саламаттык сактоо тармагында иштеген, 3 же андан көп иш стажы бар кызматкерлер жакшы жана ак ниет эмгеги үчүн сыйланышат.
2. Ыраазычылык менен сыйлоо жөнүндө чечим органдын же уюмдун эмгек жамаатынын чогулушунда кабыл алынат жана кийин ага кыскача мүнөздөмө таризделет. Кыскача мүнөздөмөгө органдын же уюмдун жетекчисинин колу коюлат жана мөөрү менен ырасталат.
3. Ыраазычылык менен сыйлоо жөнүндө документтер Министрликке республиканын саламаттык сактоонун ведомстволук уюмдарынын жетекчилери тарабынан берилет.

КР ССМнын
2023-ж. "24" ___
№ 187 буйругуна
3-тиркеме

**«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»**
**төш белгисинин сыпаттамасы**

Бронзадан жасалган «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» төш белгиси алтын түстөгү 24К гальваникалык каптоо менен капталган, ак, кызыл жана көк түстөгү боектор менен кооздолгон. Төш белги эки бөлүктөн турат: 14*30 мм өлчөмүндөгү алкак, ортосунда түндүк жана улуттук орнамент тартылган, алкактын артында төөнөгүчтөн жасалган бекем илгичи бар, алкакка 40*38 мм өлчөмүндөгү беш бурчтуу формадагы алкак илинип коюлган, анын ортосунда Министрликтин логотиби тартылган. Логотипти тегерете "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" жазуусу жазылып турат.






**«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери»**
**төш белгисинин кутучасынын сыпаттамасы**

Кутуча 9*12 см өлчөмүндө жана кызыл баркыттан жасалган





КР ССМнын
2023-ж. "24" 02
№ 137 буйругуна
4-тиркеме

**“Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери”**
**күбөлүгүнүн сыпаттамасы жана формасы**

“Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери” төш белгисинин күбөлүгү кызыл түстөгү китепче болот. Китепченин ачык тургандагы өлчөмү 190 x 70 мм.

Күбөлүктүн каркасы пресстелген ДВПдан даярдалган, суусуз клейдин жардамы менен винил кайышы менен капталган. Күбөлүктүн сыртынын ортосунда Министрликтин логотиби алтын түстө жайгаштырылган, астында “Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” жазуу жайгаштырылган.

Күбөлүктүн биринчи бети мамлекеттик тилде, экинчи бети расмий тилде тариздеелет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**КҮБӨЛҮК №______**

___________________________________________________________
ата теги, аты
___________________________________________________________

«Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланды.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин

202__ ж. «____» _____________ №_______буйругу.

М.О. Министр

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УДОСТОВЕРЕНИЕ №____**

___________________________________________________________
Ф.И.О.
___________________________________________________________

Награжден (а) нагрудным знаком «Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери».

Приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики от «____» _____________202__года №__________

М.П. Министр

КР ССМнын
2023-ж. "24" 02
№187 буйругуна
5-тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

# АРДАК ГРАМОТА

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**СЫЙЛАНАТ**

**Министр**

**Буйрук №__________________**

**Бишкек шаары «____»__________202__ жыл.**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ

# ПОЧЕТНАЯ ГРАМОТА

**НАГРАЖДАЕТСЯ**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**Министр**

**Приказ №__________________**

**город Бишкек «____» __________202__ года**

КР ССМнын
2023-ж. 14.02
№ 217 буйругуна
6-тиркеме

**СЫЙЛОО БАРАГЫ**

1. Сыйлануучунун фамилиясы, аты, атасынын аты______________________

______________________________________________________________________
(паспорту боюнча толтурулат)

2. Ээлеген кызмат орду, иштеген жери, кызматы ______________________
(уюмдун так аталышы көрсөтүлөт)

______________________________________________________________________

3. Туулган жылы жана жери________________________________________

4. Улуту __________ 5. Жынысы _________________

6. Билими ______________________________________________________
(окуу жайынын аталышы, окууну аяктаган жылы, факультети)

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

7. Илимий даражасы, илимий наамы________________________________

8. Жалпы иш стажы: _________

9. Саламаттык сактоо органдарындагы стажы______________анын ичинен:

10. Аталган уюмда канчадан бери иштейт ____________________________

11. Аталган кызмат орунда канчадан бери иштейт ______________________

12. Саламаттык сактоо министрлигинин кайсы сыйлыктарын алган, сыйланган датасы

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

13. ______________________________________ сыйлоого сунушталат

(сыйлыктын түрү)

14. Сыйлоо жөнүндө чечим кабыл алынды______________________________
(сунуштаган органдын аталышы)

_______________________________________________________________

«______»______________202____ж. протокол №____________

15. Үйүнүн дареги, телефону ____________________________________

_______________________________________________________________

Жетекчи ______________________ ___________
(Ф.А.А., кызматы) (колу)

Профсоюздук комитеттин төрагасы_______________ ___________
(Ф.А.А.) (колу)

МО

«_____»___________202___ж.